*УДК:811.512.154.*

***Мамбетказиева Г. М.***
*Преподаватель БГУ им К. Карасаева*

# ДЖЕК ЛОНДОНДУН Ж. СУЛТАНАЛИЕВ ТАРАБЫНАН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КОТОРУЛГАН “МАРТИН ИДЕН” РОМАНЫНА ЛИНГВИСТИКАЛЫК ТАЛДОО

# ЛИНГВИСТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ПЕРЕВЕДЕННОГО Ж.СУЛТАНАЛИЕВЫМ НА КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК РОМАНА ДЖЕКА ЛОНДОНА «МАРТИН ИДЕН»

# LINGUISTIC ANALYSIS OF THE NOVEL’S OF JACK LONDON “ MARTIN IDEN” TRANSLATED INTO KYRGYZ LANGUAGE BY ZH. SULTANALIEV

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада көркөм адабиятка көрүнүктүү иш жазап өзүнүн өчпөс эмгегин өз окурмандарына мурас катары калтырып кеткен атактуу америкалык жазуучу Джек Лондондун “Мартин Иден” романынын кыргыз тилине которулган Ж. Султаналиевдин котормосуна лингвистикалык деңгээлде талдоо жүргүзүлүп, тилдеги окшоштуктарды, өзгөчөлүктөрдү изилдөө менен аларды мисалдар аркылуу далилдөө. Илимий иште көркөм чыгармага лингвистикалык талдоо жүргүзүү жолдору жана изилдөөчүлөрдүн бул илимди өнүктүрүүдө өздөрүнүн илимге кошкон эбегейсиз чоң эмгектери тууралуу маалымат берилди.*

***Түйүндүү сөздөр:****көркөм адабият, искусство, лингвистика, лингвистикалык талдоо, лингвистикалык аспектилеринин тил каражаттары, лингвопоэтикалык чыгарма, текст, тил илими, тил системасы, көркөм тексттин фрагменттери.*

***Аннотация:*** *В данной научной статье проведен лингвистический анализ романа известного американского писателя, который оставил читателям свой вечный труд, Джека Лондона «Мартин Иден», переведенного на кыргызский язык Дж.Султаналиевым. Изучены языковые сходства и их особенности, подтверждены примерами. В статье также приводятся методы проведения лингвистического анализа художественного произведения и информация о величайших трудах исследователей для развития этой науки.*

***Ключевые слова:*** *художественная литература, искусство, лингвистка, лингвистический анализ, лингвистические аспекты языковых средств, лингвопоэтическое произведение, текст, языкознание, языковая система, фрагменты художественного текста.*

***Abstract:****In this scientific article was provided a linguistic analysis of the novel of the famous American writer Jack London “Martin Eden”, translated into Kyrgyz by Zh. Sultanaliev, which left his eternal work for his readers. Also the language similarities and their features are studied, and confirmed by examples. Additionally the article provides methods for conducting linguistic analysis of a work of art and information on the greatest works of researchers for the development of this science.*

***Key words:*** *Works of literature, art, linguistic, linguistic analysis, linguistic aspects of language tools, linguistic poetics composition, text, linguistics, the language system, and fragments of the literary text.*

Көөнөрбөс булак болгон көркөм адабияттын көмүскөдөгү сырын ачып көркөм чыгарманын көрөңгөсүн байытуу көпчүлүк адабият сүйүүчүлөрүнүн көңүл борборунда. Искусствонун сөз өнөрү менен ишке ашуучу бүткүл ааламды образдуу чагылдырган адабият дүйнөсүнө ар бир искусство сүйүүчү арбалаары анык кеп.

Көркөм адабият бул коомдук аң-сезимдин бир формасы. Ал эми ошол аң сезимди аздектеген ааламды өз кучагына алган атактуу жазуучулардын чыгармалары илимий изилдөөчүлөрдүн ишинде эң маанилүү каражат катары кабылданат. Кайсыл тилде болбосун касиеттүү чыгармага кам көрүп башка тилдеги өзгөчөлүктөр менен окшоштуктарды өз тилиңе салыштырып изилдөө ары кызыктуу ары табышмактуу айтор учу кыйыры жок узак жолго аттанган улуу жолоочудай арышыңды алыска таштап алдыга умтулаарың анык.

Изилдөө иштин ичинде жаткан илимдин бир бөлүгү лингвистка илиминин иликтениши ичиндеги оргуп жаткан орчундуу ойлорду ортого салууга мажбур кылат. Көңүлгө дем берип, көмөкөйгө шык берген көркөм адабият айдыңында көлөмдүү иш жазап өздөрү өтсө да адабият тармагында өчпөс из калтырган улуу жазуучулар арбын, алардын бири айтылуу америкалык жазуучу Джек Лондон. Ал эми биздин алдыбызда ойду ортого салуучу маселе бул ушул улуу жазуучунун Ж. Султаналиев тарабынан кыргыз тилине которулган "Мартин Иден" атту чыгармасына лингвистикалык талдоо.

Илимий ишке киришүүдө лингвистика илимине салымын кошкон Н.М.Шанский, О.Н.Панченко, Н.Г.Константинова-Витт, Ж.А.Дозорец, Н.А.Кондрашов, Л.А.Новиков, З.Караева аттуу улуу инсандардын иштерин кароо менен кадамыбызды алга карай шилтедик.

Л.А.Новиков көркөм текстке лингвистикалык талдоо жолдоруна мындай токтолгон:

Лингвистикалык талдоо- текстти толук жана ачык түшүнүү максатында колдонулган ар кандай тил элементтеринин маанисин ачуу жана окуу. Бул талдоо төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:

1. Жалпы "текстти ачуунун" жана тилдин "планынын айтылышынын" элемантардык практикалык кызматчысы;

2. Лингвистикалык теориянын маалыматтарына, тилдин системалык фактысына жана анын тарыхына таянган филологиялык бирдик;

Көркөм текстти лингвистикалык жактан түшүндүрүү. Мындай түшүндүрмөлөр чыгарманын идеялык жана эстетикалык мазмунун көрсөтүү, сөздөрдүн маанисин жана формасын түшүндүрүү, образдуу каражаттарды көрсөтүү максатын камтыйт.

Лингвистикалык талдоо, поэтикалык талдоонун өзгөчө адабий багытын аныктайт, аны лингвопоэтикалык чыгармага айлантат, тактап айтканда тексттин эстетикалык түзүлүшүн, тилдин көркөм каражаттарын окууга багыттайт.

Көркөм тексттин лингвистикалык аспектилеринин түшүндүрмөлөрүнүн жана талдоонун типтеринин карым-катышын төмөндөгүдөй түрдө көрсөтүүгө болот:

| **Тил жана адабият жөнүндө илимде талдоо** | **Көркөм текстти лингвистикалык түшүндүрмөнүн аспектиси** |
|---|---|
| -лингвистикалык | -талдоо |
| -стилистикалык | -синтез |
| -адабият таануучулук | -чыгарманын поэтикасын жана идеялык мазмунун ачуу |

]

О.Н.Панченко, Н.Г.Константинова-Витт, Ж.А.Дозорец өңдүү изилдөөчүлөр өздөрүнүн иштеринде көркөм чыгармага лингвистикалык талдоо жүргүзүү жолдоруна жооп издешкен.

Көркөм чыгарманын текстин лингвистикалык талдоонун мүмкүн болгон эки жолу бар. Биринчи жолмайдадан башталган кыймылды лингвистик микроскоптун алдындагы көркөм чыгарманын текстин лингвистикалык талдоо жүргүзүү жана анын идеялык тематикалык мазмунун ачып чыгуу (акад. Н.М.Шанскийдин сөзү). Бирок, башка жолу көбүн эсе функционалдык аспект менен байланыштуу. Ал аталган тил каражаты эмне үчүн колдонулганына жооп берет жана үч этапты камтыйт:

1. Идея-тематикалык мазмунунун гипотезасын көрсөтүп чыгуу (адабий-тарыхий контекстеги аталган чыгарманын ордун аныктоо);

2. Тил каражаттарын талдоо (деңгээл боюнча);

3. Айтылган гипотезаны текшерүү (тил каражаттары менен аны далилдөө жана тууралоо);

Талдоого болгон ар кандай ыкма көркөм чыгарманын жалпы же болбосо фрагментардык мүнөзү менен байланыштуу. Бүтүндөй бир көркөм текст бир көркөм чыгарманы түшүндүрөт, анткени максатка ылайыктуу болуп толук (комплекстүү) талдоо болуп эсептелинет. Окуу максатында бөлүнүп көрсөтүлгөн көркөм тексттин фрагменттери (ырдын строфасы, көркөм прозаикалык чыгарманын бөлүгү), көбүн эсе бир тилдик деңгээлдерде талданат.

Изилденип жаткан чыгарманын жанры, түрү, көбүн эсе тилдик талдоону улантууга тийиш жана талдоонун экинчи деңгээлинде аны менен ыкташат. [7]

Ал эми Н.А.Кондрашов тил илиминин тизгинин мындайча тизмектеген.

Лингвистикалык талдоонун өзгөчөлүгүн аныктоо үчүн констатациялоо (констатировать) жетиштүү эмес, анткени окшош мазмун ар кандай тил каражаттары менен айтылышы мүмкүн.

Көркөм сөздүн объектисинин өзгөчөлүгүн талдоо жазуучу тарабынан колдонулган жана тандалган кандай тил каражаттарын белгилөө гана эмес, алар жазуучу тарабынан кантип колдонулганын жана бирибири менен кандай байланышканын белгилөө болуп эсептелинет, тактап айтканда тилдик бирдиктердин колдонуунун ыкмалары жана алардын чыгарманын тилинде бири-бири менен байланышуусун, ал гана эмес чыгарманын максатын ишке ашыруу жана окурманга эстетикалык таасир калтыруу менен дагы байланышкан.[5]

А.М. Пешковский өз оюн мындайча билдирген :

А.М.Пешковскийдин грамматикалык иштери тартылган материалдардын байытылгандыгы, ойжүгүртүүнүн оригиналдуулугу жана лингвистикалык талдоонун чеберчилдиги менен айырмаланат. "Ал тилдин системасын түшүнүү менен сүйлөгөн, ага ылайык тил элементтерден турбайт, ал элементтерге бөлүнөт".[4]

Л.В.Щербанын оюу боюнча тил системасын лингвистикалык окуу ар кандай схематизмден жана формализмден бөтөн болушу керек аталган көз караштардын негизинде Л.В.Щерба грамматиканы жаңыдан бөлүү жана сөздөрдүн лексикалык грамматикалык бөлүктөрүн окууну далил келтирген:

1. Сөз түзүлүштөрүнүн эрежелери.

2. Формаларды түзүүнүн эрежелери.

3. Активдүү жана пассивдүү синтаксис.

4. Сүйлөөнүн стилдерин окуу менен фонетика.

5. Тилдин лексикалык жана грамматикалык категориясы.

Л.В.Щерба лингвистикалык эксперименттердин фонетикада гана эмес, грамматикада жана стилистикада маанилүүлүгүн тааныган.

Эң татаал жоболорду жөнөкөй жана кыска тил менен айта алган Дмитрий Николаевич Ушаков болгон. Анын "Тил жөнүндө илимге кыскача киришмеси" (тактап айтканда "Тил илимине киришүү"), көрсөтүлгөн мамиледе үлгүлүү эмгектерден болуп эсептелинет.[4]

Григорий Осипович Винокур болсо сүйлөө маданиятынын базасы болгон лингвистикалык стилистиканы түзүүгө умтулган. Аталган сөздү чыныгы маанисинде Винокур филолог болгон. Ал өзүнүн ишинде лингвистиканын жана адабият таанунун милдеттерин бириктирген.[4]

Ал эми Евгений Дмитриевич Поливанов тилдеги өзгөрүүлөр ар кандай муунга таандык коллективдин мүчөлөрүнүн бирин-бири түшүнүү мүмкүнчүлүгүн бузуусуз өтөт деп эсептеген. "Тилдеги чукул өзгөрүүлөр көптөгөн кылымдар же миңдеген жылдардын ичиндеги чоң эмес көптөгөн кыймылдардын суммасы катары ойлонулуп келген. Тилди берүүнүн улантуучу ар бир этап же ар башка окуя (муундан муунга) тил системасына сезилбес же аз сезилээрлик өзгөртүүлөрдү алып келген". Ага биринчи салыштыруучулук грамматика таандык: "Орус грамматикасын өзбек грамматикасы менен салыштырган".[4]

Тил илимде дагы бир көрүнүктүү инсан Виктор Владимирович Виноградовдун ойлору орчундуу оорунду ээлейт.

Виктор Владимирович Виноградов көркөм адабияттын эң жакшы өкүлдөрүнүн тили менен адабият тилинин өнүгүүсүнүн үзгүлтүксүз байланышын көргөзгөн. Ал поэтикалык сүйлөөнүн, жалпы тилдик стилистиканын жана орус көркөм прозасынын көйгөйлөрүн терең чечкен.

Дүйнөлүк тил таануу илимине Виноградовдун грамматикалык эмгектери кирди. Ал өзүнүн сөзүн морфологияда, сөз куроодо жана синтаксисте айткан.[4]

Александр Иванович Смирницкийдин беделдүү ойлору билим тармагында белек катары кабылданып калган.

Өзүнүн эмгектеринде ал тилдин жана ой жүгүртүүнүн, тилдин жашоо объективдүүлүгүн, тил бирдигиндеги лексикалык жана грамматикалык элементтердин мамилелерин караган. Смирницкий тилди бири-бири менен байланышкан бирдиктердин жана алардын мамилерлеринин жыйындысы катары карайт. Тил анын пикири боюнча сүйлөөнү ачуунун көп образдуу компонентеринин жыйындысы. Эгерде сөз сүйлөшүүнүн ыкмасы болсо, тил сүйлөшүүнүн каражаты. Тил сөздө жашайт, ал сөз менен карым-катнашта болуп, сөздө өнүгөт. Смирницкийдин оюу боюнча тил сөздө камтылган тил таанунун предмети. Көптөгөн баалуу жана жемиштүү идеялар, Смирницкийдин англис тилин илимий жактан таянып окуганынын негизинде өсүп чыккан: "Англис тилинин морфологиясы" (1959), жана "Англис тилинин синтаксиси".аттуу эмгектери илим изилдөөчүлөрдүн ишинде эң маанилүү орунду ээлейт.[4]

Беделдүү иштин берметин билимге белек кылган З. Караеванын эмгеги да бул илимде зор мааниге ээ.

Лингвисттердин кызыкчылык чөйрөсүнө тилди өзгөчө, багыттарда изилдөө кирет: көркөмдүк, эстетикалык, поэтикалык, анткен менен тил белгинин түз маанидеги экинчи мотивдүүлүгүн түзгөн чебердик, өзгөчө модус катары чыга келет.

Сөздүн коннотативдик маанисин морфологиялык жол менен түзүү кыргыз тилинде эң активдүү болуп саналат. Ал сөздөрдүн коннотативдик маанисин түзүүдө ар кандай жанрларда жигердүү колдонулат. "Кай",- "балакай" жана "ке" деген суффикстер таандык ат атттар менен эркелетүүнү билдирүүнү же болбосо сүйлөөчүнүн экспрессивдик абалын билдирет. Мисалы: Куке, Чыке, Жоке абаке, атаке ж.б.[1]

Көркөм чыгармага көңүл кош карай албаган илимди изилдөөчүлөрдүн бири Н.М. Шанский өзүнүн эмгегинде көркөм чыгармага лингвистикалык изилдөө ишиндеги ири маселелерге токтолгон.

Көркөм текстти лингвистикалык талдоонун маанилүүлүгү адабиятчылар жана стилисттер үчүн эң биринчи анын идеялык көркөм өзгөчөлүктөрүн түшүнүү болуп эсептелинет, анткени ал өзүнүн көп түрдүүлүгү жана татаалдыгы менен баяндалат. Кандайдыр бир чыгарманын идеялык мазмунун башка чыгармалардан айырмалап турган көркөм өзгөчөлүктөрүн окуп чыгуу үчүн көркөм чыгарманы эстетикалык канаатандыруу тартуулоочу, сезимди тарбиялоочу жана ой-жүгүртүүнү өнүктүрүүчү, жүрөккө жана эс тутумга шайкеш маалыматтык жана жалпы образдуу бүтүндүктө кабыл алып жана чыгарманы эң биринчи кезекте туура түшүнүү зарыл.[6]

Адабият таануу боюнча талдоонун негизги милдети болуп адабият чыгармасын коомдук ойдун жана социалдык күрөштүн тарыхын факт катары окуу болсо, стилистикалык талдоонун негизги максаты бул тил каражаттарын жеке-автордук колдонуунун ыкмалары кабылданса, лингвистикалык талдоонун эң маанилүү максаты болуп, көркөм текстте колдонулган тил фактыларын, алардын маанисин жана колдонулушун таап чыгуу жана түшүндүрүү эсептелинет.

Кандайдыр бир чыгарманын чегинде аталган көрүнүштөрдү түшүнүү жана сүрөттөө, көркөм чыгарманын тексти лингвистикалык талдоонун мазмунун түзөт. Ошондон улам, лингвистикалык талдоонун предмети болуп, тексттин тил материалы эсептелинет. Лингвистикалык талдоо жана стилистикалык талдоо бири-бири менен бир ыргакта кетпей, комплекстүү лингвистикалык талдоону түзүү менен көркөм чыгарманын кайталангыс оригиналдуулугу пайда болот. Көркөм чыгарманын текстин лингвистикалык талдоо өзүнүн мазмунунда биринчи кезекте адабий чыгарманын типологиясынан, жанрдык тиешелүүлүгүнөн, жазылган убакатысынан, көпчүлүк учурда жазуучунун жеке автордук практикасынынан көз каранды. [6 ]

Көркөм текстти лингвистикалык талдоо абдан маанилүү, анткени адабият чыгармасынын тили, алсак эң кичинекей лирикалык ырдан, романга, эпопеяга чейин көп пландуу жана көп катмардуу. Анткени алар өзүнүн курамында көбүн эсе сүйлөө инкрустацияларын камтыйт, аларды билбөө эмне жөнүндө айтылып

жатканын түшүнбөөгө же болбосо айтылган сөздөр жана сүйлөмдөр, көркөмдүктүн баалуулуктары жана колдонулган тил фактыларынын жаңылыгы, алардын заманбап адабияттык ченемге мамилеси ж.б. жөнүндө жалган образдуу түрдөгү сүрөт түзүлүшү мүмкүн.[6]

Көркөм текстти лингвистикалык талдоо биринчи кезекте төмөндөгүдөй фактылардын лингвистикалык маанисин аныкттоону өзүнө камтыйт:

а) фонетикалык деңгээл;

б) лексикалык деңгээл;

в) морфологиялык деңгээл. [6]

Илимий иштин илгерилешин улай Н.М. Шанскийдин эмгегинин негизинде ушул фактыларды камтуу менен в) категориясына багытталган биздин илимий ишибиз Джек Лондондун "Мартин Иден"романынын кыргыз тилине Ж. Султаналиев тарабынан которулган чыгармасына негизделет.

Морфологиялык деңгээл

№ 1 English

page1

The one opened the door with a latch-key and went in, followed by a young fellow who awkwardly removed his cap.[8]

№ 1 Кыргызча

2-бет

Заңгыраган чоң имаратка келишкен эки жигиттин астыңкысы француз ачкычы менен эшикти ачып, босогодон үйгө аттай бергенде, артындагы жигит коомайлана түшүп, шапкесин колуна олдоксон ала койду.[3]

awkwardly =олдоксон

adj+ adv(ly)=( meaning in a sentence)Adverb=аныктооч

1=1

№ 2 English

page1

The act was done quietly and naturally, and the awkward young fellow appreciated it.[8]

№ 2 Кыргызча

2-бет

Анын мындай таң калаарлык кичи пейил, элпек мамилесине кологой жигит өтө ыраазы боло түшүп:[3]

naturally= кичи пейил, элпек

Adj+ adv(ly)=Adverb= аныктооч

1=3

№ 3 English

page2

He walked at the other's heels with a swing to his shoulders, and his legs spread unwittingly, as if the level floors ere tilting up and sinking down to the heave and lunge of the sea.[8]

№ 3 Кыргызча

2-бет

Ал кадамдарын кере таштап, жолдошунун артынан удаа баратты. Ага үйдүн тактайлары кадимки эле деңиз толкунундагыдай болуп көрүнүп, бирде төмөн чайпалып, бирде жогору көтөрүлгөнсүп кетти [3]

unwittingly= кадамдарын кере шилтеп

negative prefixes+adj+ adv(ly)= Adverb=чакчыл түрмөк

1=3

Илимий ишибизди жыйынтыктоо алдында табиятынан таң калаарлык таасир калтырган тил илиминдеги окшоштуктар, өзгөчөлүктөр туурасында топтолгон ой толгоолорго тутумдаш болуп, оргуштап чыккан оюубуздун гүлдөрүн терип, орчундуу маселенин түбүндө жаткан түйүндү чечүү ары таасирдүү, ары кызыктуу айтор адабият айдыңында алгалай турган иштердин бири. Бул илимди изилдөөдө ар бир этаптын эшигин ачуу менен бүлбүлдөп жанган шам чырактын билигине май тамгандай, бүткүл дүйнөңдү, бүтүндөй бир бүтпөс коздук каптап алып, чынардай чыгармага чынжырдай байланып, чеги жок ааламда чимириле канат каккан адабият айдыңында алгалап алыстарга учуу улуу тилди улантуучулардын уюткусунда деп эсептейм.

Лингвистика илиминин изилдениши бүгүн же эртең эле изилденип бүтүүчү иштен эмес бул илим мындан ары да бүчүр байлап бүтүндөй тил илимин бүрдөтүүчүлөргө бүтпөгөн ыйык дастан деген ойдомун.

***Адабияттар:***


1. *Караева З. Лингвистические проблемы перевода и семиотики ( на материале английского перевода В. Мейом кыргызского эпоса «Манас» автореферат им. Академика Ч. Айтматова. – Б., 2008.*
2. *Новиков Л.А.Лингвистическое толкование художественного текста. – М., 1979.*
3. *Лондон Джек. Мартин Иден. Роман. \Которгон Ж. Султаналиев. -Ф., Кыргызстан, 1977.*
4. *Кондрашов Н.А. История лингвистических учений. – М., 1979.*
5. *Кондрашов Н.А. Лингвистический сборник. – М.,1974.*
6. *Шанский Н.М.Лингвистический анализ художественного текста. – Л., 1990.*
7. *Панченко О.Н., Константинова-Витт Н.Г., Дозорец Ж.А. Лингвистический анализ художественного текста: Материалы для самостоятельной работы. – М., 1988.*
8. *Jack London "Martin Iden" Издатель Macmillan Publishers.*